# ИСЛАМ МАДАНИЯТЫНДА АЯЛДЫН ОРДУ

**Yrd. Doç.Dr. Fazlı POLAT*.**


**Аннотация**

На протяжении всей истории человечества причиной неурадиц и разногласий в каком бы то ни было обществе были, прежде всего, социальные поблемы. Одной из таких проблем можно назвать неразрешенный доселе вопрос о социальном статусе женщины в обществе. Этот вопрос не теряет своей актульности и в наше время, оставаясь при этом в повестке дня огромного количества дискуссий, будь то в отсталых или в более развитых странах. Главной составляющей в обсуждении этого вопроса, сегодня является либо экономика либо религия или же традиции. В данной статье, в которой эта точка зрения стала исходной, послеживается очередная попытка обсуждения социального статуса женщины, а в качестве основных источников, куда делаются ссылки, выделяются Мировые религии с укрепившимися в них взглядами относительно женщины. Главная цель этой статьи заключена не столько в том, чтобы рассуждать или сопоставлять взгляды самих источников, сколько в том, чтобы только проаргументировать их и изложить читателю обѳективную оценку в отношени этого вопроса.


**Ключевые слова:** Женщина, Общество, Право, Ислам, Христианство, Современность, Традиции.

Учурда болгондой эле, тарыхтан бери аялзатынын коомдогу орду, ролу, кандай денгээлде болуусу керек деген талаш-тартыш маселеси коомдун эң негизги факторуна айланган. Азыркы учурда коомдогу ар бир тап, бул темага байланыштуу проблемаларды жана ой-пикирлерге өз денгээлинин саясий экономикалык пайдасына жараша чечип келүүдө. Кээбирлери аялдын укугун жогору коюп жатышканда, айрым системалар тескеринче «эркиндик» урааны астында аялзатыны өз пайдаларын көздөө максаттарына жараша колдонушууда. Азыркы күндө исламга максаттуу түрдө каршы каралоо жана жалган жалааларга карабастан чыныгы исламды жашоо образын жүргүзгөндөр, аялзатынын укугуна оптималдуу мамиле жасашууда. Исламда аялзатынын орду боюнча жалаачылар дискуссияларды уюштурушуп, негизги максаты жүзүмдөн даам татыш эмес багбанды сабоо экендиги ачык айкын көрүнүүдө. Аялзатынын жана эркектердин социологиялык ордун аныктоо үчүн, алгач тарыхый факторлорду карап көрүү абзел экендигине ишеничтебиз.

Ислам маданиятында аялзат темасындагы тутунган позициясын

---

* Ош МУ нун Теология факультетине чакырылган окутуучу

жакшылап, таамай түшүнүү үчүн, алгач эле Курандын жана Ислам дининин пайгамбарынын аялзатына болгон көз карашын, ошондой эле аялдын социалдык калыптануусу кандайча болгондугун өтө этияттык менен изилдеп көрүү керек. Айрыкча бул изилдөөбүздө убагы келгенде, темабызга байланыштуу аяттарды Инжил жана Тоорат менен салыштырабыз. Бирок, бул салыштырууда максатыбыз, ал диндердин аялзатына болгон мамилесин критикалоо эмес, бир гана темабыз дагы да түшүнүктүү болуусун камсыз кылуу. Бардык диндер жаңыдан курала баштаганда, алгачкы ишенгендердин көпчүлүгү аялдар болгондугун көрөбүз. Бул бир гана кокустук эмес. Себеби аялзатты тарыхтын ар-бир доорунда адам катарына эсептебегендигинден, бардык диндер бул маселеге өзгөчө көнүл бурушкан. Куранда, аялдардын социалдык ролу, укук жана милдеттери жөнүндө көп жеринде баяндайт. Куран башталышынан бери аял жана эркекти инсан катары тең көрүп, аларга кайрылганда аяттарда ачык-айкын ортого салат. «...анын аяттарындан, Ал силерди жалгыз напистен жаратты, жана ал напистен аялды жаратты. Жана бул экөөнөн (жер жүзүнө) эсепсиз эркек жайылды»[1]. Бул аятта аял жана эркектин жаратылыш жагынан инсандык жагдайда эч бирини жогору койу максатын көздөгөн эмес. Айрыкча Куран атактуу «Бейиштен чыгарылуу» окуясында Обо энени да, Адам атаны да күнөлөбөйт, башкача айтканда эски насаат Тооратта болгондой Обо энени адамзаттын күнөкөрү катары Иудаизмдеки түшүнүктү жокко чыгарган. Тооратта бул окуя кыскача мындай баяндалат. «Раб теңир Адамга «кайдасын»? деп сурады. Адам «Бакта үнүнү укканда корктум. Себеби жаланач элем, ошондуктан жашындым» деди. «Раб теңир жаланач экендигин ким айтты?» деп сурады. «Сага жебегин деген дарактын мөмөсүнүбү жедин?» Адам, жаныма берген аял дарактын мөмөсүнү мага берди, мен да жедим» деп жооп берди. Раб теңир аялга «Бул эмне кылганың»? деп сурады. «Аял жылан мени алдады, ошондуктан жедим» деп жооп кайтарды. Теңир жыланга «Ушул кылгандыгын үчүн бардын үй жана жапайы айбандардын ичинен наалаттуусун. Өмүрүн өткүчө кардын менен сойлойсун жана топрак жейсин. Сенин менен аялды, анын урпактары менен сенин урпактарынды бири биринерге душман кыламын. Анын урпактары сенин башынды эзет, сен алардын томугуна жабышасын» деди. Раб теңир аялга, «Бала төрөрүндө сени азап тарттырам» деди. Азап менен бала төрөйсүн, сени ал башкарат. Раб теңир Адамга «Аялындын сөзүнү угуп жана сага мөмөнү жегени тыйу салсам да, жегендигин үчүн жер жүзү наалтка учурады» деди. «Өмүрүн өткүчө эмгек кылбастан тамак жей албайсын, топурак сага тикен берет, жапайы чөп жейсин. Топуракка кайтканына чейин нанынды алын терини агызып табасын. Себеби топураксын, топурактан жаралдын, топуракка кайтасын»[2]. «Ошентип Раб теңир, жаратылган топуракты иштетүү үчүн Адамды «Аден» бакчасынан айдап чыкты»[3].

---

[1] Куран 4 / 1
[2] Eski Ahid, Yaratılış, 3:23
[3] Eski Ahid, Yaratılış, 3:23

Тооратттын жогорудагы баяны Иудаизм жана Христиандык салтта аялдын биринчи күнөөсүнөн жоопту экендигин ачык-айкын ортого салат. Бул жоромолорго карата, күнөөнүн иштелүүсүндө аял күнөлүү, шайтан да күнөлүү, күнөөсүз жалгыз инсан бар, ал да Адам. Адам салттуу түрдө күнөөсүз сыяктуу көрсөтүүгө аракет жасашкан. Бирок Куранда, инсанды жолдон урган жылан эмес шайтан болуп, күнөө кылган бир гана жалгыз Обо эне эмес, Адам атада күнөлүү. Бул багытта Куранда көңүл бура турган нерсе да Курандын бир гана жеринен башкаларында Азирети Адам жана Обону шайтан кандай алдагандыгын, ошондой эле кандайча жолдон адашкандыгын түшүндүрүүдө Арапча көптүктү (экилик) колдонгондугу. Бирок, Куран бир гана жерле жалгыздык санын колдонгон. Бул көптүк жана жалгыздык кылып колдонгондо Курандан бериле турган мисал мындайча: «Биз, «Эй Адам! сен жана жубайын бейишке жайгашкыла, ал жерде оңой эле каалаган учурунарда ниматтардан жегиле, бир гана ушул даракка жакындабагыла. Эгер бул дарактын мөмөсүнөн жесеңер, экөөң тең өзүнөргө жамандык кылган заалымдардан болосуңар» дедик. Шайтан алардын аягыны тайдырып, саткындык кылдырды жана жашап жаткан жерден (бейиштен) аларды чыгартырды. «Ошондуктан кээ бирин башкаларына душман болуп бейиштен чыккыла жер жүзүндө силерге белгилүү мөөнөткө чейин жашоо бар» дедик»[4]. Белгилүү болгондой бул аятта Обонун да Адамдын да күнөөсү жөнүндө баяндалууда, бирок Таха сүрөсү 116-121-чейинки аятта шайтан бир гана Азирети Адамдын башыны айландырганын айтылууда, ошол эле учурда тыйу салынган мөмөнү бирге жегендигине басым жасалууда. «Өткөн учурда биз периштелерге: «Адамга сажда кылгыла! дегенбиз. Алар сажда кылышты, жалгыз Иблис-каршы чыкты. Ошондуктан, эй Адам бул сенин жана жубайындын чоң душманы деп эскерткенбиз. Абайлагыла силерди бейиштен чыгарбасын; кийин чарчап, кыйынчылык тартасыңар! Дегенибизде Шайтан анын акыл эсин айлантырып «Эй Адам! Сага чексиздик дарагыны көрсөтөйүнбү»? деди. Аягында андан даам тартышты. Ошондуктан алардын уяттуу жерлери көрүндү. Ошол жерлерин бейиш жалбырактары менен бекитүүгө аракет кылышты. Адам Раббына уят болуп, өз жолундан адашты»[5]. Бул аяттарда белгилүү болгондой Куран адамдардын жекелик жоопкерчиликтери жөнүндө басым жасоодо. Башкача айтканда, тыйу салынган мөмөдөн даам тартуу экөөнүн тең жеке күнөөлөрү жана аял менен эркек өз күнөөлөрү үчүн жооп беришет. Өздөрүнөн кийинкилеринин жоопкерчилиги эмне үчүн Обонун же болбосо Адамдын болушу керек; бул христиандыктык негизги күнөөкөр түшүнүгү Исламдын «Адлуллах» түшүнүгүнө терс келүүдө. Ислам баланын төрөлүшүнөн баштап күнөөкөр кабыл кылбагандай, жалгыз адамдын айынан бардык адамзат күнөөлү болуп эсептелбейт.

Куран инсанды аял же эркек айырмачылыгын максат кылбастан момун аялдарга өрнөк болсун деп көптөгөн аялзаты жөнүндө баян кылат.

[4] Куран, 2 / 36
[5] Куран, 20 / 116-121 “dhj”?

Бирок бул аялдардын бирөөсүнүн гана атыны атоодо. Куран момун аялдар алар сыяктуу болуусу үчүн аларды эскертет. «Алла каршы чыккандарга Нух менен Луттун аялдарын мисал келтирет. Булар эки жакшы кулубуздун никесинде туруп, аларга кыянаттык кылды. Аларда Алла үчүн аларга эч нерсе кылбады. Аларга «Тозокко силерда биргеликте киргиле» деди. Ишенгендер үчүн Алла Фараондун аялын мисл көрсөтүүдө. О «Раббым! Өз мекенинде, бейиште мага үй жаса; Мени Фараон жана анын жамандыктарынан куткар; мени бул заалым элден куткар» деген. Уяттуу жерин коргогон Имран кызы Мариямда мисал боло алат. Ага рухубуздан үйлөдүк; Раббынын сөзүнү жана китептерине мойунсунду; ал бизге чын көнүлдөн баш ийгендерден эле»[6].

Куран Азирети Нух менен Азирети Луттун аялдарынын каршы чыгууларынын акыйбети жакшы болбогондугунан өрнөк алууну баяндоодо, бирок Азирети Мариям менен Фараондун жубайы Азирети Асия аялзатынын чыныгы сапатына ээ экендигин баяндап, ыймандуулугунун натыйжасында Алла тарабынан алар корголгондугун белгилөөдө.

Айрыкча Кураны Каримда Азирети Мусанын апасы баласын Фараондун өлтүрө тургандыгынан коркпоосун, аны эмизип сууга агызып жиберүүсү үчүн аян болгондугун баяндоодо. «Мусанын апасына «Баланды эмиз, башына бир жамандык келээрин сезгенинде сууга ташта Коркпо капа болбо; Биз аны сага кайтарабыз. Ошондой эле аны пайгамбар кылабыз» деп билдиргенбиз»[7].

Алардан башка Кураны Каримда ишкер аялдар жөнүндө баяндалууда. Өрнөктө аты берилбесе да Саба Маликасы Белкыс жана анын өкүмдарлыгы жөнүндө баян кылынууда. Ал аялдын бир мамлекетти башкаруусу сын пикирге алынбай; бир гана анын жана элинин күнгө сыйынуусу сындалууда. «Акыйкыттан аларга өкүмдарлык кылган, ага бардык нерсе берилип жана чоң такка ээ аялды жолуктурдум»[8]. Айрыкча, Азирети Мусанын жоругу жөнүндө баянда эки кыз жөнүндө айтылууда. Бул кыздар үй-бүлөөсүнүн чабаны жок болгондугуна байланыштуу, койлоруну откозуп жүргөн Шуайбдын кыздар экендиги билдирилүүдө. Кийинчерээк Азирети Муса алардын чабаны болот жана алар бир иштен кутулат. «Муса Медйен сууна барганда, ал жерде айбанаттарыны суугарган көптөгөн адам көрдү. Алардын артында айбанаттары менен кезекте турган эки аялды көрдү. Аларга: Дардыңар эмне? деп сурады; алар мындай жооп бердилер: Чабандар суугарып болмойунча биз суугара албайбыз; атабызда карып калган адам»[9].

Куран булардан башка Исламдан мурда арабтардын Жахилийе (караңгылык) доорунда кыздарды тирүүлөй көмгөндүктөрүн катуу сындоодо, ошондуктан племялык салттардын жойулуусуна күчүнүн баарын жумшаган. Мүшрүктөр кыздарды адам катарына койбоосу жана анын

[6] Куран, 66 / 10-12
[7] Куран, 28 / 7
[8] Куран, 27 / 23
[9] Куран, 28 / 23

менен периштелерди Алланын кызы катары эсептөөсү Куранда катуу сындалууда. Мүшрүк араб кыздуу болуусу, уятка калуу менен бети кызарган күнөөкөр катары эсептелген. Ошондой эле мүшрүк арабтарда бул жүздү карарткан макулуктар ошол эле учурда Алланын кыздары катары эсептелген. Бул абал Куранда мындайча баяндалат: «Алардын бирине, Рахманга оңой эле баш ийген кыз баланын төрөлгөндүгү сүйүнчүлөнгөндө, жүзү кызарып, ичи аламга толуп: «Не» (деп таңкалуу менен сурашат), (жалгыз) коздук үчүн гана кыз? Ошондуктан өзүнүн ички дүйнөсүндө баш аламандык башталат. Алар Рахман тарабынан жаратылган периштелерди да аял дешет: андай болсо алардын жаратылышыны көрүштүбү? Алардын мындай туура эмес жоромолдолору жазылып, сурак күнү жоопко тартылат! Алар «Рахман каалабаганда адашбайт болчубуз». Бирок алар Рахмандын мындай нерсесин каалоосу жөнүндө маалыматы жок. Алар бир гана ошондой ойлошууда»[10].

Жогоруда белгилүү болгондой кыз бала тарыхтын бир канча доорлорунда эч макул көрүлбөгөн. Коомдук турмушта өз рдун ала албаган, ошондой эле жакынкы убакка чейин батыш дүйнөсүндө аял инсан эмес деген маселеде диспуттар болуп өткөн. Бул боюнча дагы да түшүнүктүү болуусу үчүн мисла катары тарыхый процессте коомдордун аялзатына болгон көз карашын келтирүүнү туура чечтим.

**Грек** философтору Платон менен Аристотельдин аял жөнүндөгү ойлору боюнча; Платон, «Аял колдон колго орток мүлк катары колдонулуш керек» Аристотель, «Аял жаратылышында чала калган эркек».

**Италияндарда** аял, атуул эмес. Эркек баланын каалаган алып багат болчу, кыз болсо ачкачылыктан өлүп кетишет эле.

**Индияда** болсо абал жапайы мүнөздө болчу; 17-кылымга чейинаял өлгөн ээринин бедени менен кошо отко жагылчу. Теңирлер ыраазы болсун деп аял курбандыкка чалынат болчу.

**Будда:** «Эгер аялдарды диниме кабыл албаганымда Буддизм узак убакыт таза жашайт болчу. бүгүн бул диндин узак убакыт жашашына көзүм жетпейт. Себеби бул динге аялда кирди» (Едянул Хинд 72).

**Египетте** болсо, өлгөн Фараондун аялы жана аял кызматчылары курбан чалынган.

**Россияда,** абийирини саткан жана зина кылган аялга каттуу жаза берилген; жыныстык органдары ойлуп кесилген. Эркектерге мындай жазалар берилген эмес.

**Кытайда** аялдын аты болбогон сыяктуу «инсан» катары да эсептелбеген, 1.2.3 деп номерлендирген.

14 кылым мурда болсо, ислам аялды мураска калтырылган буюм катарынан чыгарып, мураскор болуу менен мурас калтыруу укугуна да ээ болгон. Чоң күнөө кылбаган учурда аял коомдук турмушта, жетекчиликте жогорку даражага көтөрүлгөндүгү, ал күндөгү коомдук түзүлүш аялзатынын люкс жашоого мүмкүнчүлүк түзүлгөндүгү көрүнүүдө.

[10] Куран, 43 / 17-20

Учурда Курандын аялга карата болгон мамилесинин үч фактору сынга алынууда: эки аялдын күбөлүгү бир эркектики менен теңдиги, экинчиси эркектер аялдардан кээ бир маселелрде жогору тургандыгы, үчүнчүсү аял мурастан эркектин алганын өлчөмүнөн жарымынча алышы.

Мурас маселеси боюнча дагы да түшүнүктүү болуусу үчүн төмөнкүлөрдү карап чыуу абзел; Курандагы эркекке аялдан мурастан эки эсе көп берилүүсү жөнүндөгү өкүмү эркек менен аялга байланыштуу башка өкүмдөрү менен салыштыруу дагын да түшүнүктүү болот. Куран, эркек аялга үйлөнүп жатканда махир берүүсүн буюрат. «Аялдарга махирлерин ыраазы болуп бергиле. Эгер аял чын көнүлү менен андан силерге кайтып берсе, аны кам санабастан чын көнүлүнөр менен жегиле»[11]. Махирге байланышкан көптөгөн аяттар бар. Айрыкча баланын жана эненнин жеп ичүүсү, багылуусу ата жана күйөөгө тийиштүү. Куран аялдын иштөөсүнө уруксат берсе да үй-бүлөөнү камсыз кылуу милдетин эркекке жүктөйт. «Ата баласынын толук эмип чоңойусуну кааласа, аялдар эки жыл эмизишет. Баланы эмизип карап жаткан аляды салтка терс келбей турган түрдө камсыз кылуу атанын милдети. Бардыгы күчү жеткенге чейин милдеттүү»[12]. Айрыкча эркек ажырашуу учурунда күтүү этабында аялдын жеп үчүүсүн камсыз кылууга милдеттүү. «Ажырашкан бирок иддет мөөнөтү бүткүчө күчүнүз жеткиче өзүңөр жашаган үйдө багып тургула. Эгерде балдарыңарды силер үчүн эмизсе, аларга акысын төлөгүлө, өз ара келишип алгыла, кандайдыр бир проблема чыкса, баланарды башка бирөө да эмизиши мүмкүн»[13]. Алла момун эркектерге мынчалык милдетти жүктөгөндөн кийин, кыз баланын мурастан эркектин алганынын жарымындай алышын белгилеген. Ошондой эле Куранда үй-бүлөнү камсыз кылуу, махир берүүнү ошондой эле иддет учурунда аялды эркек карап туруусу буйрулган.

«Алла кээбирлерин айрымдарынан жогору кылуусу жана эркектердин иштеп тапканын иштетүүдө күйөө аялын текшерип турууга укуктуу»[14]. Бул маселедеги жогоруулулук, алардын камсыз кылууга милдеттүүлүгүндө. Башкача айтканда бул теологиялык жогоруулук эмес социалдык фактордун себебинен десек болот. Жаратылыш жагынан экөө тең инсан; экөө тең жараткандын макулугу, ошондой эле айырмачылыктарды да алгылай алган адамдар. Коомдук иштерди уюштурууда эркектер уюштургуч болушат, системалаштыруучу болуу менен аялдар майда баратчы жана өзгөчөлүктөрүнө икир чикирине көнүл бурушат. Табиятында болгон бул айырмачылыктар менен коомдук уюштуруучулукта экөөсү да инсан катары тең укуктуу. Бирок эркектер инсан тарыхынан бери коомдук уюштурууларда аялдарга караганда активдүү экендиги чындык. Ошондой эле үй-бүлөдө аялдар эң маанилүү рол ойногондой эле да маданият сыяктуу коомдук уюштууларда да, салт

[11] Куран, 4 / 4
[12] Куран, 2 / 233
[13] Куран, 65 / 6
[14] Куран, 4 / 34

санаалык мурастарды урпактарга жеткирүүдө эркектердин жанында эбегейсиз рол ойногондугуда белгилүү. Бирок бул аялдын уюштуруучу боло албастыгы маанисини туйундурбагандай эле, эркекти да мелочный эмес деген болбойт. Куран караңгылыкта жашаган коомунун эски салт санаасын көз жаздымынан чыгарбастан ислам динин алып келген. Бирок Курандын аялдарга болгон көз карашын жана өкүмдөрүн ал доор менен байланыштырып жыйынтыктай турган болсок, анда биз жаңылабыз. Себеби Куран негизинен адам психологиясын эске алуу менен өкүмдөрүн баяндаган. Ошондой эле Куран эч күмөнсүз бардык доордун адамдарына карата инсандарга берилген.

Курандын аялдар маселесиндеги талаш тартышка себеб болгон өкүмдөрүнүн бири «күбө болуу»га байланыштуу болгон аят. Бул маселе жана проблемалар адамдардын ой санаасын ээлеп келген. Бул эки аялдын күбө болуусу бир эркектики менен барабар. «Эгер эки эркек таба албасаңар анда өзүнөр макул көргөн бир эркектин жанына – бири жаңылса экинчиси тууралай турган эки аял күбө болсун»[15]. Бул аятка байланыштуу Амина Ведуд Мухсиндин берген аныктамасы маанилүү ролду ойнойт. Бул аныктама боюнча аятта негизинен күбө болгон биринчи катындын жалган айтууга мажбур болуусуна же унутуп калышына себеб болсо анда экинчиси ага эстетип койусу үчүн милдеттүү болот. Башкача айтканда аялдын бирөөсү гана көбө болуп экинчиси ага эстеткич же калысчылык милдетин аткаруучу[16].

Доктор Шибахи, Алмерэту Бейнел Фикхи Валканун аттуу эмгегинин 31-бетинде бул маселенин чечилиши эки жактуу каралат деп жазат.

1-Маселенин диний далил менен каралышы.

2-Акылды иштетүү менен каралышы. «Бул маселедеги айырмачылыктын инсанды шан шөкөттүү же күбө болууга тийиштүү эместиги ачык айкын. Негизинен шан шөкөт жагынан Алланын алдында аял жана эркек тең болуп эсептелет. Бардык финансылык маселелерде милдетин аткарууда эркек менен аял бирдей жооптуу. Бир эркек менен эки аялдын күбө болушу аялдардын урмат сыйына тийиштүү эмес. Ислам аялдардын экономикалык маселелер менен алек болуусуну да макул көрсө да аялдын негизги милдети коомдук турмушка байланыштуу экендигин эске алуубуз керек. Бул милдет аялдын үй-бүлөгө караштуу маселелерде милдеттүү болуусу керектигинде жатат. Бул болсо аял өз убактын үй иштери менен алек болуусу демек. Өзгөчө алыш-сатыш учурунда аял үйүндө болот. Көчөдөгү болуп жаткан окуяларга анча деле маани бере бербейт. Ал окуя болгон жерде болгондугу үчүн аны күбө катары чакырышканда жаңылышы же болбосом унутуп калышы мүмкүн. Ошондуктан укукта ачык

[15] Куран, 2 / 282

[16] Amine Vedud Muhsin, Kuran ve Kadın, çev. Nazife Şişman, İstanbul –1997, 146-148-105-бб.; Muhammed Hamidulllah, а.а.ч., 169-172-бб.

айкындуулук керек. Сот чындыкты аныктап күнөөлүнү табуусу үчүн колунан келгенин жасашы керек.

Аяттагы «унутуп калса башкасы ага эстетет» дегени, «биринчисинин унутп калуу же жаңылыштык кылып койу коркунучун алдын алууда экинчи аял күбө болуп ага эстетет» деп билүү керек.

Ошол себебтен көптөгөн Ислам укукчулары аялдарды адам өлтүрүлгөндү аныктоодо күбө боло албашын айтышкан. Мунун себеби биз жогоруда айткан чындык. Жогоруда айтылгандай аялдар үй иштери менен алек болушат. Бир аялдын криминал болуп жаткан жерде болушу дин жактан мүмкүн эмес. Эгер кокус болуп калса андай окуяны көрөр көрбөс катып калат. Ал жерден качып кетүү мүкүнчүлүгү болбосо же ал нерсеге карай албайт же болбосо паникага түшүп калып эсинен кетип калышыда мүмкүн. Аялдын абалы бул болсо, күнөкөрдү кантип аныктап берет? Куралдарды кантип түшүндүрөт? Болуп өткөн окуяны кантип айтып берет?

Ислам укугунда белгилүү бир шарт өлтүргөнгө жаза берүү нормалары да туура эмес белгиленип калышы мүмкүн. Адам өлтүрүү жан окшош окуяларда, аялдын так көргөндүгүнө күмөн болот. Бирок көбүнчө эркектердин маалыматы болбогон кыздык белги, тул экендигине аялдын жыныстык кемчиликтерине жана төрөт сыяктуу маселелерде жалгыз аял күбө болсо да болот.

Демек мисалы, аялдын аялдын шан шөкөттүү болуп болбошу, кадырланып кадырланбашы, аялдын күбө болууга мүмкүндүгү болуп болбосу эмес экен. Күбө болгондордун берген маалыматына жараша өкүм чыгарууда этият болуу керек. Бардык адилет системаларында эң көп ушуну талап кылат. Доктор Сибаи, (Алмерэту Бейнел Фикхи Валканун аттуу эмгегинин 31-бетинде) эмгегинде алым сатымда төлөө, акчаны алмаштырууда, ижарага алууда, доверенность, кепил болуу сыяктуу маселелерде аял менен эркектин эч айырмасы жоктугуну, «күбө болуу» маселесиндеги болгон бул айырмачылык эркек менен аялдын, инсан болуу, инсандык жактан айырмачылыкка эч кандай тийешеси жок. Аял менен эркектин теңдиги мурдатан бери бар. Айрыкча күбө болуудагы бул абал экономикалык, социалдык, психологиялык кыйынчылыктардан келип чыгышыны айтышууда.

Бул нерсенин түшүндүрүшүбүздүн эки негизги себеби бар. Биринчиси диндин коомдо аң-сезимди калыптандыра турган фактор болушу, экинчиси да акыркы жыйырма жылдыкта коомдо жалпысынан белгилүү диндарлашууга карай багыт алууда Курандын аялзатына карата болгон өкүмдөрү жана көз карашы талаш-тартыш маселесине айлануусу. Бул багытта Курандын аялзатына болгон көз карашы жакшы билиниши керек. Айрыкча эркек аял мамилелери аялдын социалдык ролу тарыхый процессте эч качан Куран белгилегендей өнүккөн эмес. Тарыхый процессте аялдардын социалдык нормалары радикал түрдө Куран каалагандай болгон эмес, ошондуктан так аныктамасыны билүүбүз абзел. Аялдарды ислам коомуда бөлбөгөндөй эле ага да анча маани берген эмес. Ислам тарыхында орун алган атактуу, башкаруучу жана илимпоз аялдар элита тобунун

кыздары, бей-бечералар классынан аз эле аял орун алган. Бул болсо аялдын социо-тарыхый процессте класска бөлүнүү системасынын маанилүү таасири болгон. Бул таасир тарыхта болсун учурда болсун эркек аял мамилелерине ашыкча өз күчүн көрсөткөн.

Бул жерге чейин Курандын аялга болгон көз карашы аздыр көптүр аныкталды. Бирок Куран аялдын ролун белгилөөсү кез кези менен түшүрүлгөн аят жана өкүмдөрүн түшүнүүдө Нешвү- Нема болбой туруп Азирети пайгамбардын өлүмүнөн кийин эле Караңгылык доорундагы аялзатына болгон мамиле кайрадан жарала баштады. Чындыгында « Ифк окуясы» сыяктуу окуялар жайылуусу караңгылык доорунун уландысынын өрнөгү. Бул чындыкты түшүнө билүүбүз үчүн аялдын өзгөчөлүгү Азирети пайгамбардын доорунда абалы кандай болондугун жакшылап анализдөөбүз керек.

Жыйынтыкта жогоруда белгилегендей исламда аял эркектин тең укуктуулугу жаратылышынан эле бар. Бул тең укуктуулук жаратучу тарабынан берилген жана ал өзү коргоодо. Бул абалда эркектерда жана башкаларда жокко чыгара алышпастыгы айтылууда. Башка идеологияларда исламга терс аял эркек теңдиги, аялдарга кийин берилген укук деп айтышууда. Буну айткандар эркек эгемендүү ойчулдар. Аялга, эркек тараптарларынан айтылган укуктар учур учуру менен жокко чыгарылган. Исламда мындай болушу мүмкүн эмес. Исламда аял баркталган, эркиндик берилген, кулчулуктан сабатсыздыктан куткарылган. Аял алгачкы ишенгендерден болуп дайыма тынчтыкты туу тутуп жана анын жайылтуучусу болгон.

Ислам, саясий түзүлүштө аялга маанилүү ролду берген. Исла класстык таптарга, аялга же эркекке, бай же бей-бечараларга эмес бардак адамзат үчүн бирдей. Бул өкүмдөрдү аткаруу жана колдонуу бардык мусулмандар үчүн милдет. Башкаруу системасына байланыштуу өкүмдөр, тыйу же үндөө аялга да тийиштүү. Кандайдыр жазага тартылуу эркекке болгондой эле аялга да берилет. Куранда аял жана эркек бирдей жоопкерчиликке ээ. Алла, Куранда **«Идеал мусулмандын мүнөзү»** жөнүндө баяндаган. Бул характерде эркектер жоопкерчиликке ахлак жагынан милдеттүү болгондой эле аялдарда жооптуу. Куранда белгиленген аял характери, бүгүн караңгылык коомдордо жашаган аял характерлеринден айырмаланат. Караңгылык коомдордо жашаган аялдар, жалпысынан коом тарабынан өздөрүнө макул көргөн жана урпактан урпактарга улантылып учурубузга чейин келген характерди жашатууда. Караңгы коому, аял үчүн башка, эркек үчүн башка ахлак нормаларынын өзгөчөлүктөрүн белгилешкен. Эркектин ахлакий жүрүм-туруму аялдыкына ч окшошпойт. Ошондой эле эркектин жашоо образы, нормалары алдардан айырмаланат. Эч күмөнсүз тез дүйнө өзгөрүүдө, аялдарда бул өзгөрүүдө өз ордун табууда. Бирок модерн түшүнүктүн жана 20-кылымдын аягы учурубузда эркек жана аял бирдей мүмкүнчүлүккө ээ эмес. Бунун себебин диний түшүнүккө байланыштыруу туура эмес, коомдун аң-сезимин түзгөн аргументтерди анализдөө керек деп ишенебиз. Ошондуктан тарыхтын бардык

доорлорундагы окуяларга байланыштуу социологиялык аныктамалар, ошол доорлордун шарттарыны жана өзгөчөлүктөрүнө байланыштыруу керек. Себеби бул диний эмес, социологиялык фактор. Ошондуктан бул боюнча социологиялык аныктамалар берилүүсү керек.